УДК: 78
**DOI:10.58494/esai.25(10).2025.32**

*Итиев Мирбек Токтогулович,*
*магистрант, ОшМУ*

*Итиев Мирбек Токтогулович*
*магистрант, ОшГУ*

*Itiev Mirbek Toktogulovich*
*master's student, Osh State University*

## РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВДУН МУЗЫКАЛЫК ӨНӨРДӨГҮ ЖАШОО ЖОЛУ

***Аннотация.*** *Макалада обончу-композитор Р.Абдыкадыров жыйырманы кылымдын экинчи жарымында чыгармачылык таланты бийиктеп, жогорулап түрдүү обон чыгаруудагы жеке талантына гана таандык өзгөчөлүктөрү менен музыкалык чыгармачылыкка болгон индивидуалдык мамилеси ачылып берилди. Андан сырткары, анын жаш обончуларга карата берген насааттары жана ар бир чыгарманы жаратууга аябай кылдаттык менен ырдын текстине да терең көңүл буруу зарыл деген идеаларына да олутуу көңүл бурулду.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *музыка, аккордеон, шакирт, обон, копозитор, ырчы.*

## ЖИЗНЕННЫЙ ПУТЬ РЫСБАЯ АБДЫКАДЫРОВА В МУЗЫКЕ

***Аннотация.*** *В статье раскрывается индивидуальный подход к музыкальному творчеству композитора Р. Абдыкадырова, творческий талант которого расцвел во второй половине XX века, раскрываются неповторимые черты его личного таланта в создании разнообразных мелодий. Кроме того, были высоко оценены его советы молодым композиторам и его идеи о необходимости уделять пристальное внимание текстам каждого произведения и важности создания их с особой тщательностью.*

***Ключевые слова:*** *музыка, аккордеон, шакирт, обон, композитор, певец.*

## RYSBY ABDYKADYROV'S LIFE PATH IN MUSIC

***Annotation.*** *This article reveals the individual approach to the musical creativity of the composer R. Abdykadyrov, whose creative talent blossomed in the second half of the twentieth century, and reveals the unique features of his personal talent in creating a variety of melodies. In addition, his advice to young composers and his ideas on the need to pay close attention to the texts of each work and the importance of creating them with special care were highly appreciated.*

***Key words:*** *music, accordion, shakirt, obon, composer, singer.*

### Киришүү

Залкар обончу-композитор, кыргыз обондорунун новатору болгон Рыспай Абдыкадыров өзүнүн XX кылымдагы кыргыз профессионалдык ырчылардын катары чыгармачылыгындагы жаңы нуктагы, обон чыгаруудагы өзүнүн жеке идеялары, менен башкаларга окшобогон стилде ырлары берилди. Анын чыгармачылыгы тууралуу музыка адистеринин изилдөөлөрү, өзүнүн замандаштары аркылуу берилген эскерүүлөрү жана заманбап музыкалык маданиятка болгон түрдүү көз караштагы ойлору терең мааниде чагылдырылган. Обончу-композитор Р.Абдыкадыров жыйырманы кылымдын экинчи жарымында чыгармачылык таланты бийиктеп, жогорулап түрдүү обон чыгаруудагы жеке талантына гана таандык өзгөчөлүктөрү менен музыкалык чыгармачылыкка болгон индивидуалдык мамилеси жана ар тараптуу эстетикалык көз караштары тууралуу «Обон жаратуудагы ойдон улам» аттуу маанилүү статьясында мындай дейт: «Искусстводо деги эле адабиятчы, мейли колунан көөрү төгүлгөн сүрөтчү болсун негизинен көркөм дүйнө жаратууга аракет жасагандардын баарысында

чыныгы табигый талант, жөндөм болбосо, калын элдин көңүлүнө арзыган жаңы чыгарманы сунуштоо кылуу өтө татаал процесс экендиги мыйзам ченемдүү.

Экинчиден, искусствонун кандай түрүндө болсо да, ар бир чыгармачыл инсан өзүнүн жеке талантын, жөндөмдүүлүгүн тынымсыз эмгектенүү аркылуу менен табитин каныктырып, көрптөтгөн тажрыйба жыйнап, жетишпеген жактарын толтуруу менен алдыга умтула берет». Композитор – музыканы гана жаратуу менен эле чектелип калбай тургандыгын белгилеп, ички дүйнөнүн башка формалары менен архитектура, кино жана театр, көркөм адабият, живопись жана башка искуствонун түрлөрү менен да терең тааныш болуушу абзел, бул чыгармачыл адамдын көркөм табитин тарбиялоого зор мүмкүнчүлүктү түзүп берет деп бир мисал келтирген: «Тагыраак айтканда, жазуучу жеке өзүнүн чыгармасында жалпы адамзатка таандык терең идеяны чагылдырган болушу мүмкүн. Ошол терең мааниде жазылган таасирдүү чыгармадан кийин толкунданган обончу же композитор – улуу музыка жаратышы мүмкүн [1].

Буга далил музыкалык эмгектердин көпчүлүгү Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты Ч.Айтматовдун түрдүү чыгармаларынын аркасында музыкалык ырлар, обондор жаратылгандыгын белгилеп кетүүгө болот». Улуу обончу Рыспай Абдыкадыровдун чыгармачылыгы жөнүндө сексенинчи жылдарга чейин эле музыка сынчылары жана изилдөөчүлөрү анын музыкалык чыгармаларына карата жеке көз караштарын жана сын-пикирлерин ачык эле билдирип келишкен.

Алардын катарында Акматбек Солтобаев 1972-жылы «Ала-Тоо» аттуу журналына жарык көргөн терең маңыздуу «Музыкалык таасирлер» деп аталган макаласында: «Р.Абдыкадыров музыкасы терен ойлорду катыган, тили так берилген. Адамдын жан дили менен укканга көп жашап, көптү көргөн акылдуу инсандын аңгеме казынасындай: көңүлдү көтөргөн романтика женил лиризм, кээ бирде терең маанилүү философиялык идеялар сезилип турат. Ары укканда терен ойлого чөктүрөт («Кымбатым», «Издейм сени» ж.б.). Жашоо дангыр жол гана эмес. Бул турмушта кубаныч да, өкүнүч да болот [2, 145-б.].

Р.Абдыкадыров өзүнүн бардык музыкалык чыгармаларын реалдуу жашоодон сузуп алат, ошондутан элге, карапйым журтка жакын, угуучуну терең ишендире алат. Жалпы элге маалым «Түгөйүм» аттуу обонун чыгаргандан кийин да он жылдан ашык мезгил өттү. Көркөм чыгармачылыкта бул анча деле көп эмес убакыт. А бирок, композитор, обончу эбегейсиз шедевр эмгек жараткандыгы билинип турат. Бул музыкалк чыгарма сапат жагынан да, сан жагынан да мындан ашып түшкөн музыкант жок». Бул Р.Абдыкадыровдун обон чыгаруу жөнүндө кеп болуп жаткандыктан, сөздүн нугун ошого бурмакчыбыз. Музыка бул – окуяны үн аркылуу баяндап, эмоциялык көркөм мүнөздө чагылдырып берген музыкалык искусство.

Р.Абдыкадырвдун музыкалык чыгармаларында окуянын кайгылуу же кубанычтуу жүрүшүнө карай экиге бөлүнгөн. Ал турмуштагы окуянын трагедиялуу мезгилин минордук тондо, ал эми кубанычтуу мезгилин мажордук тондо жазган обончу болгон. Бирок, кээде шаттыкты элестеткен музыка минордук тондо жазылган болсо, тескерисинче, музыка кайгылуу окуяны элестетүү мажордук тондо чагылдырылган. Обончу, окуянын жогорудагы учурун негизги эки мүнөзүнө жараша мамиле жасоо менен, жеке эмоциясын толук өзгөртүшү мүмкүн». Рыспай жогорудагы статьясындасында көркөм өнөрдүн башка түрлөрү сыяктуу эле, музыкалык искусствосу да өз ара майда жанрлардан турган жөнөкөй, баарына түшүнүктүү, уккулуктуу болуусу үчүн музыкалык өнөрдүн өзгөчө эки бөлүккө бөлүп карай тургандыгын билдирет, мисалы аспаптык жана вокалдык болуп. Андан сырткары алар дагы бир нечче топторго бөлүнөрүн белгилеп, төмөндөгүдөй пикирин сунуш кылган: «Музыка жаратууга кызыкдар алгач жаш балдарга арналган обон жаратуудан баштаган болсо, бир топ көптөгөн тажрыйбаларды топтоп алган болор эле.

Анткени, жаш балдар үчүн арналып жазылган ырлардын жалпы тексти көпчүлүк учурда төрт саптан туруп, үчүнчү жана төртүнчү саптар дайыма эки жолу кайталанып, жалпысынан бир эле бөлүм менен бүтөт». Бөкөнбай Боркеев «Жаш обончулардын чыгармачылыгы тууралуу айрым ойлор» деп аталган көлөмдүү статьясында: - «Жалпы обончулар жөнүндө сөз боло калганда, баарына белгилүү саналуу гана ырчы, обончулардын ысымдары көз алдыбызга

тартылар эле. Эми мындан кийин алардын карааны артып, угуп-билгендерибиз эле жүздүн аркы берки жагында.

Алардын саны барган сайын жаңыланып, толукталып, ыргы кызыккан кыргыз журту ички дүйнөсүн күүгө келтирген дагы бир талантуу инсандын духун сезип, аны башкалар менен бирге сын элегинен өткөрүп жатат. Жөнөкөй карапайым музыка угуучу обонду музыкалык теориялык билимге ыктап элестетпейт. Жөн гана уккулуктуу болгонунан жүрөккө жакын болгон. Ал эми «Уккулуктуу» деген сөздө – теориялык жактан баалана турган жакшы, бийик касиеттердин бары камтылат. Ушундай адилет сындардан өткөн автор, обонго, ырга мурдагыдан да ишенимдүү мамиле жасап, ага бүт дилин жумшайт да, ал музыкалык чыгарманын эл билбеген сырдуу кереметтерин ачып, өзүнү жеке тили, өзүнүн жеке үнү менен баяндап берет. Рыспайдын чыгармачылык жолу ушундай башталган».

Бөкөнбай Боркеев, жогорудагы пикирин улантып, эгерде автор музыкалык жогорку сабатка ээ болбосо, кээде лирикалык ырларга мекенчилдик, патриоттук маанидеги обондорду жаратышып, музыка сындап жүргөн адистердин тепкисине дуушар болуп жаткандыктары, акындар жана обончулар ырлардагы жөнөкөй, музыкалык билимге ээ эмес адамга байкалбай турган ийкемдүү нюансттарды кылдат туюп, билип, ошого карата өзүнүн жеке  өз ара мамилесин аныктай алышын, обончунун терең сезимталдыгына жараша болушу мүмкүн экендигин айтат: «Обончу бул акындын түрдүү ырларына жан киргизе алган устат болуп саналат. Бирок, обончу колуна урунган бардык эле музыкалык ырларга обон жарата бербестен, түн уйкусунан чоочуткан, кандайдыр бир мазмундуу ойго чөмүлтүп, дайыма тынчын ала берген ырларга гана обон жаратышы мүмкүн.

Чыныгы кереметтүү сырдуу кубулуш, обон менен ырдын «өз ара тил табышкан» айкалышында гана иш жүзүнө ашышы мүмкүн. Обончу акын тараптан айтыла турган терен ойду таасын түшүнүп, өзүнүн чыгармачылык интуициясы менен терең сезип, туюп, жаралуучу обондун турган турпаты ырдын мазмуну менен шайкеш айкалышкандай чыгарма жарата тургандыгын композитор Р. Абдыкадыровдун: «Жаныдан гана музыка жазууга киришкен таланттуу талапкерлер обондун жогорку сапаттык денгээлин жогорулатууда ар түрдүүчө ыкма, методдорду колдонушат. Туура жолду таап алуу үчүн куплеттик формага өтүү ыңгайлуурак болот. Тагыраак айтканда, төрт куплет текстке обонду жазгандан кийин, ошол эле тексттин терең мазмунуна жараша кайырмасы болуусу максатка ылайыктуу.

Ырга байланышкан кайырмасы төрт же алты сап болушу мүмкүн. Ошондуктан ырдагы негизги төрт сабын биринчи бөлүк деп, ал эми кайырмасын экинчи бөлүк катары алсак, мында жазылган обон эки бөлүктү камтыган жөнөкөй форма болуп эсептелет». Б.Боркеев: жалпы музыка угуучулар кээде обончуларга күнө коебуз, ал эми чын-чынына келгенде Р.Абдыкадыровдун «Түгөйүм». Т.Эшпаевдин «Эжекеме» Э.Талиповдун «Сенин көзүң», сыяктуу обондору кээ бир музыка сынчыларынан сын пикир угуп калышы, биринчи кезекте ырдын негизги саптарынын начар куралгандыгынын кесепети болушу мүмкүн. Ошол ыр жараткан акынга карата коюлуучу күнөөлөрдү, эмнегедир көпчүлүк учурда обончулар көтөрүшү жөнү жок түшүнүктү, дайыма обонду угуп жатканда анын автору катары баарыбыз көбүнчө обончуну биринчи орунга коебуз да, акын экинчи планда кала берет [3, 142-б.].

Ошондуктан «Түгөйүмдү» аттуу чыгарманы жактырбайбызбы дегенде эле эмнегедир Р.Абдыкадыров элестетебиз. Чынында «Түгөйүмдүн» деген чыгарманын обону Рыспайдын чыгармачылыгынын бийик чокусу деп айтсак да жаңылбайбыз. Рыспай Абдыкадыров, Рыспай катары жалпы элге ушул ырдан баштап, дал ушул ыр кыргыз музыкалык искусствосунда жаңы табылга болгондугуна Р.Абдыкадыровдун: «Музыкага обон жаратуу бул жазыла турган текстти тандоо композитор үчүн негизги маселе болуп саналат. Тексттик муун, анын өлчөмдөрү түрдүү болушу мүмкүн. Ошон үчүн нотанын алдына ар бир муунду түшүнүктүү жана туура кылып коюу зарыл. Ошондой эле грамматикадагы басымды жана андагы музыкалык басымды эске алуу зарыл.

Тексттин мазмундук жагына карай биз төмөндө эки түрдүү мазмундагы текстке кандай музыка жазыларын карап чыгуу зарыл. Жүрүш ыры: Абага гүл жытын арбын таратып, Ар таңда гүл тосот кыргыз тоолору. Ырдайбыз лагерге кетип баратып, Денени чыналтып күчкө

толгону. Ушул текстке карата жазылган музыкалык темп мажордук марш темпинде жаралып, ар бир угуучунун көз алдына жаркыраган жайдын күнүндө көңүлдүү ыр ырдашып кетип бараткан жаш пионерлердин элестери тартылат. Ушул эле ырга кайырма кошуп койсо мындан да андан да сонун болору шексиз. Балаты, мына балаты карачы, Эң бир кооз арасы. Тиги турган жалтырап, Канча оюнчук саначы! – бул ырды уккан ар бир инсан анын жагымдуу музыкалык обонунан улам көз алдыбызга кыш мезгилинде боло турган жаңы жылдык салтанатты элестетебиз.

Ырдын текстине жазылган музыканын сапаты жогору жана уккулуктуу болушу үчүн музыка менен иштөөдө бир эле текст үчүн бир нече варианттагы музыканы жазып, ошонун ичинен көңүлгө жакканын тандап алууга да болот. Ар бир композитордун өз почерки, өз ыкмасы болот. Бирөөсү атайын бир текстти тандап алып, ошол тексттин мазмуну аркылуу иштесе, экинчи бир композитор тексти жок эле музыкалык аспапта ойноо менен белгилүү бир муундагы обонду жазып бүтүрөт. Бул чыгармачыл адамдын табитине шыктын пайда болуу учуруна байланыштуу [4].

Виноградов: “кыргыз музыкасынын жаны – обон” [5, 303-б.].  деп айткандай, Рыспайдын керемети – жөнөкөй жагымдуу кайрыктарды ыргактуу тизмектей салуу гана эмес, анда сөз тизмегиндегидей эле ой жатарын, ал ойду сөз менен кошо кайрыктар аркылуу өнүктүрүп, экөөсүнүн ширелиши менен, аны кийин даана байкагандай, аткаруучулук өнөрү менен да бир бүтүндүктү түзгөн, салттуу музыкадагыдай, кыска сөз менен кыска ойду билдирген жеңил-желпи обон эмес, тексттеги ойдун толук кандуу бүтүндүгүнө өсүп жетүүчү музыкалык ойдун ырааттуу өнүгүшү менен ийине ишенимдүү жеткирип, угарманды лирикалык каарман менен кошо “ала жаткан” ынандыруучу касиетинде [6, 23-б.].

**Корутунду**

Тагыраак айтканда бардык эле мазмундуу, жакшы ырлар, обончуну толкундата бербеши мүмкүн. Аны толкундаткан ырлар объективдүү жашоого дал келишкен, ыр саптарынын рифмаларын музыкалуу кылган, уйкаштыктары обонго ийкемдүү болушу зарыл. Эгерде акындын жараткан ыры обончуну толкундаткан болсо, анда чыгармачылык эргүүдө турган обончунун сезими андан бетер зор күүгө келип, ага добуш кошпой кое албай турган абалга дуушар болот да, акындын өзүнүн ыр саптарында айталбай калган, сөздүн кудурети күчү жетпей калган учурларын толуктап, музыканы чыныгы тили аркылуу зырп эттирип, аны бүт бойдон музыка дүйнөсүнө тартып алат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Кыргыз музыкасынын энциклопедиясы.

2. Акматбек Солтобаев «Музыкалык таасирлер» Ала-Тоо журналы. - Фрунзе, 1972-ж. - №4. - 134-145-беттер.

3. Бөкөнбай Боркеев. «Жаш обончулардын чыгармачылыгы тууралуу айрым ойлор». - 1975-ж. Ала-Тоо журналы №4. - 132-143-беттер. Рецензент: доктор искусствоведения, профессор Дүйшалиев К.

4. «Кыргызстан маданияты» газетасы 1975ж. 25-октябрь. Кыргызстан композиторлор союзунун Пленуму.

5. Виноградов В.С. Вопросы развития национальных музыкальных культур в СССР. Сборник ст. / В.С. Виноградов. М.: Советский композитор, 1961.-303 с.

6. Виноградов В. «Киргизская народная музыка». Фрунзе, 1958, 23-б